# Сен сүйүү

Сөзү: Жолдошбек Бузурманкулов

Обону: Туратбек Дүйшеев

Аткаруучу: Усупаев Кенжегул

Сен сүйүү шыктандырган алга сүрөп

Сен сүйүү жан кейиткен эзип жүрөк

Деминен куйкалаган оттон ысык

Дарт чалып бейпилдиктен безип жүрөк.

Ооба сен көзүн жумган тобокелчи

Ооба сен тоготпогон турмуш жолун

Ооба сен жаш балача кубандырган

Сүйдүм деп суйгон жигит сунса колун.

Сен сүйүү жылдыз болуп тундо жанып

Сен сүйүү магдыраткан моокум канып

Сен сүйүү соо адамды оору кылган

Кеткенде сүйгөн жигит сөздөн танып

Сен сүйүү жылдыз болуп түндө жанып

Кеткенде сүйгөн жигит сөздөн танып